ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

**ДАУТОВ**
**nbknu@mail.ru**

## БАРПЫНЫН КАЛМЫРЗА МЕНЕН АЙТЫШЫ
## (2-Макала)

Кайсы жагынан келип, аңдаштырып бакпа, кандай чен-өлчөмгө салып баалаба, айтыштын Калмырза өзү тандап, өзү баштаган бул өңүтүнө, бул ыкмасына бир бекем чек койулуп бүттү өңдөнөт. Эми мындан наркысы кандай болот, же ушуну менен бирөөлөргө жеңиштүү, бирөөлөргө кейиштүү болчу чоң ойун токтойбу. Эгерде кармашты дагы улантам десе, башка жол, башка амал издеп, башка сөзгө өтүш керек. Балким, тагдыры айтышка байланган Каражаакта алп үмүт өчө электир. Кантип жок дегенде акыркы жан талпазга түшпөй койбойт. Дегинкиси табияты ушундай эмеспи, өлүп баратып да жарыкчылыкка тартыла берет. Кайндай болгон күндө да Калмырза калпагын жерге уруп атын мойунга чаап бастырып кетпейт.

Мүмкүн, көмүскөдөн көрүнө элек дагы кошумча күчү, акыркы кырдаалда колдончу курал-жарактары бардыр. Узак жол басып, көптү баштан өткөрүп, көптү көргөн, турмуш таануу тажырыйбасы да, чыгармачылык тажырыйбасы да өтө чоң Калмырзадай чыгаан ырчынын жанкесесинде турчу дүрмөт тургандыр. Кысталышта сөз билген талант табат, ал азырга чейин күтүлө элек, бөлөк өңүттөн кирип салууга өттү. Үйрөнө калган сызыктан чыга салып, башка нукка бурулуп кетиш баарын өзгөртүп жибериштн көздөйт, көрөлү.

**Калмырза:** Көп китептин маанисин
Көрүп окуп билгизген.
Көк карганын көгүнү
Кайсы олуйа кийгизген?
Көк соурдун көгүнү
Кайсы олуйа кийгизген?
Азирет Али кылычы
Эмнеликтен узарган?
Илек-илек илген куш,
Ийинде жаткан жыланды
Бал көргөндөй билген куш,
Шыйрагы неден узарган?
Тумшугу неден кызарган?

Албетте, оңой эле айтылып, жөнөкөй эле угулгансыганы менен, бул суроолорго жооп табыш урууну, элди, жерди ортого салып, өздөрүн-бирин-бири жамандоо, аша кордоого караганда алда канча оор. Болгондо да бир секунд, бир мүнөттүн ичинде чечилиш керек. Жалаң гана табият берген акыл менен талант жетишпейт. Сөзгө тартылып, чечмеленчү маселенин түп жайы кыргыз чегинен таптакыр алыста жүрөт. Ал чгыш дин Ислам маданиятынан, арап дүйнөсүнүн төртүнчү халифаты, шейилердин эң ыйык санаган биринчи имамы Азирети Али жана анын зайыбы Фатиманын зоболосун көтөрүп, атагын чыгаруу тууралуу жаралган легендалар, оозеки, жазма түрүндө таралган түрдүү айтымдардан изделет. Ал үчүн илим, уламалык дасмия керек. Бөлөк элдин санжыра-тарыхынан бүткөн дүйнөнү ар ким эле биле бербейт. Калмырза үчүн бул суроосу өтө чоң табылга эле. «Кепке аралжы бербеген жатк алгырды» бир кармаса, дал ушул нокоттон кармайт. Балким, башынан көптү өткрөгөн кексе Каражаак эң негизги күчүн атайылап ушуга кармап, чечүүчү мезгилдин эң акыркы салтанат курчу мүнөтүнө сактап келгендир. Балким, мындай суроо таштоо, же азыр жетчү жеңиши, же эң акыркы жанталпазы менен орундалбас үмүтүдүр. Не болсо да, же «аралжы кепке келбеген»

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Анжияндык бала ырчынын кан буугандай катуу тосуп салды, же атылып чыгышка жо табалбай ойдолоп турган дагы бир кайнар булактын көзүн жырып алды.

Ырас, кезек келдиби, күтүлүп турбайт. Тезинен кайтарым сөз кетиш керек. Болбосо утулганың шыр мойунга алып, унчукпай аттан түшө бер. Барпы өзүн абдан эркин сезип, эч токтоосуз ооз ачып киргенине караганда, анын кайсы сызык, кайс нокотко бурсаң деле жаркырап жана берчү универсал таланты бул жолу да издегенин илинтпей таба салышка дайардалуу сергек күчтөр менен кенен жайылчу кулач кудуретин дагы бир ирет көрсөтпөй койбойт өңдөнөт.

Жалпы түшүнүк, башка элдердин рух дүйнөсү менен санжыра-тарыхынан өздөштүргөн маалымат канча көп болсо, чабыт ошончо бийиктен масшабдуу кетет. Бул маселеде Барпынын ич камылгасы ушунча зор экен, калмырза берген суроолорго өзү кошумчалар киргизип, нары тереңге сүңгүй түшүндүрмөлөр жалгап айтуудан баштады. Көрсө, баитти дин Исламдан кеңири илими бар уламалр таратат экен. Кербалада (Нинва деген жер, кийин шаарга айланган, шейилердин сыйынчу ыйык жайы) жезиттер кескилеп, пырчалап өлтүргөн ал-Хусайн-Үсөн менен аиалаш тууганы Аббастай курмандыкка баргандар гана (муну көп жерлерде үстүрт билгендер ал_Хасан-Асан менен алмаштырып жүрүшөт) шайит болот экен.

Анан соң өзүнө батпай жанын кыйнап ыйлап, көп китептин маанисин окуп билгизип, көк собурдун көгүн кийгизген ким десек, ал бүбү Батма-Фатима, Мухаммед пайгамбардын кызы, Азирети Алинин айалы, Асан менен Үсөндүн апасы турбайбы. Калмырза таштаган собол ушуну менен чектелиш керек эле. Барпы болсо «көк карганын көгүнү бүбү Айша кийгизгенин» да кошумча түйгузуп койду. Ал-арап тарыхында өткөн төрт халифаттын биринчиси Абу Бакр ас-Сиддиктин кызы, Мухамад пайгамбардын Кадичадан кийинки айалы. Бул жоопторго дагы бир жооп туташат. Баса, Азирети Алинин кылычы эмнеликтен узарат. Сыры кайда катылган. Ал-өзүндө. Чапкан сайын улам узара берет деген түшүнүк таратылып, жашап жүрөт. Муну бала ырчы жакшы билет.

Ошондо ырчыларды ортого алышкан көпчүлүк да шыр көңүл бургандыр… Азыркы окурман да байкап жатат. Кепке тартылган айлампадагы суроолор жалаң дин Ислам жолуна салчу Мухаммад пайгамбардын тегерегинде ар бири өз-өзүнчө ыйык милдет өтөп өткөн ашкере сыйлуу үлгү жандар жөнүндө болгондуктан, баарына адеби жооп кайтарылды. Чектен чыккан жок, тартип сакталды. Эч ким, эч кандай күнөө койалбайт. Шылдыңга-шылдың, аскияга-аския, асууга-ачуу делген эң кызык сөздөр эми айтылат. Аларды ырчынын өз оозунан гана эшитип кал.

**Барпы:** Илек-илек илген куш,
Ийиндеги жыланды
Бал ачкандай билген куш,
Шалпайаны көп кечип,
Шыйрагы шондон узарган.
Тумшугуну сурасаң,
Чоң энеңдин чочогун
Чокуп алып кызарган.
Өз энеңдин чочогун
Ойуп алып кызарган:
Айбыке менен Буржундун
Таби барбы, Калмырза?
Мындан нары мамаңдын
Габи барбы, Калмырза?
Бирден кийин эки та,
Мунан
Мусулманчылык нечи та?
Торко калит ким койгон?
-Токтову жок ыр койгон.

Жаннатка калит ким койгон?
-Жайын таап ыр койгон.
Чын тозокко күйөт дейт,
Адамзаттын палити.[1]
Эмне болот Калмырза
Көтүндүн калити?

Эл дуу күлдү. Элге кошулуп биз да күлүп жатабыз. Калмырзаны күүлөшүп айтышка салышып. Башканы күтүп тургандардын ичтери тим эле туз куйгандай ачышып калган чыгар. Барпы болсо дагы бир баскычка жогору чыгып кетти. Бардык жагынан куушурулуп келип аскалуу туйукка кирип берген Каражаак эми канчалык тыбырап «туура сөзгө жыгылбай, тура эле кайра дырылдай» (Ысмайыл) берем деп жүткүнбөсүн, эч жакка жылалбайт. Каалаганын, ойго келгенин. Кандай айтам десе чексиз эркиндик берилип, ашыкча шарт түзүлүп турганда ооздон чыкчу сөздүн баары чыгып бүттү. Тагдыр чечилди. Биринчи болуп өзү үндөө жүргүзүп сепкен үрөндүн түшүмүн өзү жыйнап алды.

Мындагы атайылап кайталап назар салчу бир учур: Барпынын табият берген кайнаган кара таланты менен жалтанбас эр жүрөктүүлүгүнөн башка да, дин Ислам, пайгамбарлар жөнүндө жакшы кабардар экендиги, Мухаммад тегерегинде канча маалыматтар билерин абдан эркин жарыйалап, бул жагынан калмырзадан артыкчылыгын көрсөттү. Он бир жашынан өзбек мадали ажинин үйүндө үч жыл, анан Азирети эшенде жүргөндө, ошолор тарабынан айтылгандар менен окулган китептерден келип стихиялуу түрдө жандүйнө байлыгына айланып калган санжыра-тарых байандары азыр Анжияндык бала ырчыга бекем тайанч, уламалыкка учук болуп бербедиби. «Көп китептин маанисин көрүп окуп билгизген, көк собурдун көгүнү кийгизген Азирет Батма менен көк карганын көгүн Азирет айша кийгизгенин» таап алыштын өзү эле канча түшүнүк, чечмелөөлөрдү талап этет.

Баары түшүнүктүү болуп бүттү го. Канчалык катуу жүргөн бул айтыштан даңазалуу эки ырчы өздөрү үчүн кандай таасирдүү зор сабак алганын Барпы да, Калмырза да чыныгы сыр жашырбастан ачыктык менен жашаган тубаса реалист сүрөткер, бийикти бийиктей, тереңди терендей баалай билген тунук акыл, улуу адам катары болгонун болгондой тумсак абал, түп нускасын бузбай жалпыга жарыйалап сайрап өтүшүптүр. Ошол эле өзү кой десе ынабай биринчи кол салам деп айабай кордолуп жеңилген каражаак калмырза кийин Калык менен учурашканда Барпыга берген баасын карабайсыңбы:

Кетмен-Төбө боорунда,
Чоң өзөндүн бойунда,
Өтөмбайдын ашында,
Мыктылары башында,
Ырдап жүрүп жолуктум,
Анжиянды жердеген,
Кепке аралжы бербеген,
Ээ дегенде, -мэ-э! деген,
Сөздү кумдай иргеген,
Азиз Барпы балага.
Өкүмдүк менен сөз таштап,
Айтышам-деп жол баштап,
Өзүм калдым балаага.
Кичүүлүк жолун кармады,
Айтышкандан ийменип.

---

[1] Палити-булганыч, ыпылас, арам.

Улуулугум сыйлады,
Анда дагы болбодум.
Улам-улам демитип,
Артынан түшүп ырдадым.
Күбүр-шыбыр укканда,
Маңка күлкү чыкканда,
Куруша түшүп бүт денем,
Бармагымды тиштедим.
Алла таала кудурет,
Амирине биз үмөт.
Бала ырчы Барпыга
Көзүн алып сөз берген,
Көкүрөккө эш берген.[2]

Ачуу чындыкты түздөн-түз мойунга алып, «ээ дегенде , мээ деген, ырды кумдай иргеген, Алла таала кудурет көзүн алып, сөз берген, көкүрөккө эш берген» бала Барпынын кермет талантын ушунчалык адилет таразалоо эч качан майда-бачек ырчынын колунан келмек эмес. Баарынан да өзүм тийишип алып, өзүм балаага калдым дегеничи. Кокустан билбей жасап алган күнөөсү алдында башкача айтышка жувардай таза наристе сезими жол бергизбе5й жылаңач акыйкатты табигый турпатында көрсөтүп турган жаш баладай болуп эч нерсесин жашырбай жобурап жатыштын өзү эле канчадан кабар берет.

Ал эми Калмырзаны –ЭЭ дегенде. –Мэ-э!-деп оозуна солой салып, улам жаагын жап кылып отуруп, айагында экинчи баш көтөргүстөй абалга келтире каалагандай эркин келекелөө, сага ушул да жарашат дегенсип копол кордоо менен жетчү жерине биротоло жеткирип бүткөндө гана токтоо берген бала Барпы ушул эле Каражаакты бүтүндөйүнөн алганда таптакыр өзүнчө баалайт, бөлөкчө сапат белгилерин көрсөтүп берчү бөлөкчө чен-өлчөмү бар. Анын жеңилгенинен башка. Өз чыгармачылык ачылышына тийгизген оң таасирин да көрөт. Көргөндө да кандай көрөт:

Каражаак Калмырза,
Кайкы тили дал мырза.
Какшап ырдап отурса,
Кадыр түндөй ал мырза.
Мен ошол
Калмырза менен кармаштым,
Кадыр түн менен арбаштым.
Кызыл тилди курчуттум,
Кылоосуна албарстын.

Абдан кылдат сарасап сала баалап баккылачы, кадимки адам катары ушунчалык элдик салт-санаага да, дин шариатка да, законго да сыйбаган сөздөр менен айтышканга чейин барышып, экинчи жүз көрүшпөстөй болуп калышкан жандар. Талант катары бир-биринин ырчылык кудуретин баалоодо өздөрүн таптакыр унутуп ташташа калыстыкка таазим этишип жатышпайбы… Барпынын «кадыр түн менен арбашып, кызыл тилди албарстын кылоосуна курчутушу»-атаандаштын өткүр сөзүнө мурч сөз таштаган татаал суроолоруна алардан ашып түшкүдөй бакыбат жооп издеп, айтыштын жаңы ыкмаларын таап жатып, жандуу иш-аракетке түшө элек акыл, талант ийкеминин канча бир сапат белгилери ачылышын тездетип, чыгармачылык тажырыйбасын ашырып, дагы бир баскычка жогорулап алышы.

Мына ушинтип, Барпынын универсал айтышчылдыгын аныктоочу жана чечүүчү сапат белгилер конкрет көз алдыга тартылып, классикалык деңгээлге көтөрүлгөн ырчылар поэзиясынын абдан кызыктуу да, маанилүү да кырынын чен-өлчөм мөөрү

[2] Залкар акындар. – Бишкек: Шам , 1998. - 78-бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

басылып, андан нары өтүшкө нечендеген таланттарга катуу чек койулуп калганын баарыбыз күбө болуп отурабыз. Татаал өнөрдөн сабак берчү өзүнчө бир бай тажырыйбалуу мектеп түзүлүп бүткөнүн да көрүп чыктык. Акыйкатта да Барпынын Бекназар, Жеңижок, Токтогул, каражаак Калмырзалар менен айтышы жанрдын бардык түрлөрүн: алым-сабактын эң жөнөкөй формасынан баштап («Барпы менен Назар») философиялык санат-табышмак айтууга чейин, тектеш элдер арасындагы уруулук, аймактык тартышуудан чыгып, арап, парсы санжыра-тарыхына, дин Ислам маданиятына байланыш маселелерди чечмелеген даражага жеткире жогорулатты. Канчалык тереңдик менен бийиктик берди, маани-мазмунун байытты, жаңы ыкмалар, табылгалар кошту.

Барпы чыгармачылык жолунда алтымыштан ашуун ырчы менен беттешип. Өзүнүнү көсөмдөк ордун эч кимге бербей өткөн экен. Күч сынашкандардын ичинде биз атайылап кеңири токтолуп, ар тарабынан келип караштырып өткөн молдо Бекназар, Жеңижок, Токтогул, каражаак Калмырзадан башка да «Арка, Анжиян жеринде аралап жүрүп өсөсүң, алдыңа салбай эч кимди аксакал болуп өтөсүң, ырдай бер Барпы иним сен, ырыстуу бала экенсиң!»-деп ак батасын берген айтылуу Эшмамбет, Кашмирде беш жыл жүрүп билимге кана сугарылып кайткан «шариат сөзү бир жорго, адигине Нурмолдо» (Арстанбек), -диний мааниси көп үчүн, бул жааккташуу толук жазылбай калган,-Нишан, ташмат, Ботобай, өзү сулуу, сөзү кооз Суусаркан өңдүү зор сабаттуу окумал таланттар болушкан. Алардан беркилери «ырдаса сайрап жаткан булбул токтоло калып уккан (Барпынын өз сөзү) Орозаалы», Накен, Орозматтардан баштап, эң айагы «акындык жолду булгаган, албарман» жаш ырчы Токтосун Тыныбекке чейин туш келишкен. Ушулар элеби? –А-аа! Деп ооз ачкандан жеңилип бүткөнгө чейин карандай уйат сөздөр менен кызылдай кордоодон турган ырчылар Кармурза менен Акайымдар ар убак кошо жүрүшкөн. Андайлар экөө-үчөө эле эмес да.

Ошолордун ар биринин өздүк кудуретине, чыгармачылык, илим, билим, деңгээлине, турмуштук тажырыйбасына, жаш курагына, уруучулук, аймактык психологиясына, жалпы элдик делчү ойлоруна, өкүмдарлар жүргүзгөн күндөлүк саясатка, бардык адамзатка тиешелүү өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, Аалам курулушу, тирүүчүлүк жол-жоболору жөнүндө түшүнүгүнө жараша ташталган суроолорго ашыра жооп кайтарууга жетишкен. Канчалардын чабуулун жылгыс кылып токтотуп, канчаларды экинчи тургус кылып былчыратып таштаган. Анын айтыш өнөрү-ойдөгө-өйдө, ылдыйга-ылдый, ийриге-ийри, түзгө-түз, ачууга-ачуу, таттууга-таттуу, өткүргө-өткүр, күлкүгө-күлкү, шылдыңга-шылдың, сөгүшкө-сөгүш, назикке-назик. Оройго-катуу, сынга-сын, илимге-илим менен-ээ дегенде, -мэ-э! деп турган баарына жол ачып, баарына үстөмдүк жүргүзчү у н иверсализмден бүткөн чоң күч.

Мына ошол үчүн ал жалаң гана айтышка туулгансып, жалаң гана жеңиш менен жашап өтүптүр. Көрсө, классикалык ырчылар поэзиясынын эң акыркы өкүлдөрүнүн бири ак таңдай акын Осмонкул «Барпы аке, жарышка түшсө жел менен, жаактуу пенде жеңбеген»-деп бекер жеринен айткан эмес экен го...

**Колдонулган адабияттар:**

1. Залкар акындар. – Бишкек: Шам , 1998. - 78-бет.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com